






# МАНАС
# АЛИППЕ





УДК 821.51-93
ББК 83.3
К 14

**К 14** Казиев А.
Манас Алиппе. - Б.: 2012 - 28 б.

***Кымбаттуу бөбөктөр.***
***Бул китепти чыгарууга демөөрчүлүк кылган "Миллениум принт" басмаканасына терең ыраазычылык билдирем.***

***Автор Асек Казиев***

ISBN 978-9967-25-418-3

К 4803300200-11

ISBN 978-9967-25-418-3


УДК 821.51-93
ББК 83.3

© Казиев А., 2012

*Мен кыргызмын,*
*кыргыз деген улутмун,*
*Москва, Бээжин,*
*Вашингтон, бүт уккун.*
*Мекен кылып*
*Теңир-Тоону жердеген,*
*Манас атам*
*менин түпкү уюткум.*

46895

# Аа



Айкөл Манас кабылан,
Атаңдын жайын сурасаң.
Алды жагын карасаң,
Арстан шердин сүрү бар.
Арт жагынан карасаң,
Алты миң эрдин күчү бар.

# Б б



Бабаң Бакай кеп айтат,
Балдарым уккун деп айтат.
Бөлүнбө кыргыз бөлүнбө,
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет.
Бөлүнүп кетти кыргыз деп,
Бөлөк элге кеп кетет.

# Вв



Вантоо деген жер экен,
Вансуу деген эл экен.
Вансуу элдин башчысы,
Ванхо төрө баш болуп,
Багындык деп Манаска,
Вай-Вайлашкан кези экен.

# Гг



Гүлдөгөн Талас жер экен,
Гүл оронгон кези экен.
Гүлбадана тон кийген,
Гүлсары тулпар ат минген,
Гүлчоро бала шер экен,
Гүлгүн курак кези экен.

Дд



Даанышман Кошой абакең,
Дөө Жолойго барды дейт.
Далыдан апчып алды дейт,
Дечей чалма чалды дейт.
Дөөгүрсүгөн доңузду,
Далысына салды дейт.

# Жж




Жаа тарткычтан Жамгырчы,
Жети жүз жоокер алыптыр.
Жер жайнаган душмандын,
Жолун тозуп калыптыр.
Жетик баатыр Жамгырчы,
Жети күн уруш салыптыр.

# Зз



Зобололуу Алмамбет
Зоодой тулпар миниптир.
Зоот-чопкутун кийиптир,
Зулпукор белге илиптир,
Заар бетине айланып,
Зыргытып жоого тийиптир.

# Ии



Ийиндеги Аккелте,
Ийнинен Манас алганы.
Ит өлбөстүн талаага,
Имерип көздү салганы.
Ишимди кудай колдо деп,
Ирмебей тиктеп калганы.

# Йй




Аргын кандын Ашыбай
Алдыда жүрсө ак жолтой
Артта жүрсө тан колдой
Айлакер экен ошондой
Алдынан чыкса көп кытай
Айла тапты момундай

# Кк




Катагандын кан Кошой,
Калктан чыккан алп Кошой.
Кулаалы таптап куш кылган,
Курама жыйып журт кылган.
Касиеттүү жан экен,
Карып калган чагы экен.

# Лл




Лобнор деген көл экен,
Лоб дайра деген жер экен.
Леп этип соккон жели жок,
Лапылдап ысык чөл экен.
Ламасына сыйынган,
Лөлү деген эл экен.

# Мм



Музбурчак баштап карысы,
Миңдеген кошуун баарысы.
Манастап ураан чакырып,
Манас деп баары бакырып.
Мына ошондо кыргыздар,
Манжуну кирди жапырып.

Нн




Нойгуттардын Акбалта,
Намыска туулган эр экен.
Нарбууданга камчы уруп,
Нойгуттап ураан чакырып.
Нескарадай калмакка,
Найза сунду качырып.

# Ңң



Айкөлүңдүн ак бараң
Айдалыга чак бараң
Көргөн пенде айран таң
Кол куушурду көп маңгул
Кур дүрмөт менен бир атсаң

# Оо



Ошондо Алмаӊ караса,
Оргуп, оргуп чаӊ чыгат.
Оргуган чаӊдын ичинде,
Олбуй, солбуй камчы уруп,
Оӊ тетири теминип,
Ойронуӊ Чубак келатат.

# Өө



ПРЖЕВАЛЬСКОГО
46895


Өрттөнүп ичи чок болуп,
Өкүнүп Манас кеп айтат.
Өздөн чыккан жат жаман,
Өзөктөн чыккан өрт жаман.
Өчүгүшкөн душмандан,
Өзүңдөн чыккан кас жаман.

# Пп




Перизаада Каныкей,
Пендеден артык жан экен.
Пахтадай дили ак экен.
Пейли тунук жан экен.
Падыша атаң Манаска,
Пайдасы артык жан экен.

# Рр



Рапыс тон кийишти,
Ырахмат айтып кырк чоро,
Ыраазы болуп жеңеңе,
Кыргыз баштап карысы,
Кырк чоронун баарысы,
Кырк тулпарга миништи.

Сс




Сайкалдын жайын сурасаң,
Сары алтындан тон кийген.
Сары тулпар ат минген,
Салып курун мойнуна,
Султан Манас баатырга,
Саламдашкан кези экен.

# Тт



Төрө Манас баатырдын,
Төлгөчү кара Төлөгү,
Топ таштарын жайды дейт,
Төлгө тартып калды дейт.
Тогуздан түшүп төлгөсү,
Төп келишип калды дейт.

Сс




Сайкалдын жайын сурасаң,
Сары алтындан тон кийген.
Сары тулпар ат минген,
Салып курун мойнуна,
Султан Манас баатырга,
Саламдашкан кези экен.

Тт




Төрө Манас баатырдын,
Төлгөчү кара Төлөгү,
Топ таштарын жайды дейт,
Төлгө тартып калды дейт.
Тогуздан түшүп төлгөсү,
Төп келишип калды дейт.

# Уу




Узун бойлуу кеӊ далы,
Улак кандын Сыргагы.
Ууга чыкса акжолтой,
Урушка кирсе сан колдой.
Узак жолдон талбаган,
Уктап чырым албаган.

# Ыы



Ырамандын ырчы уулу,
Ырчынын экен булбулу.
Ырын уккан жыргаган,
Ырчыдын мындай чыкпаган.
Ыраак жолдо кырк чоро,
Ыраазы болуп тыңдаган.

# Үү



Үрбү деген эр экен,
Үрүстөмдөй шер экен.
Үч жүз ашык калмакка,
Үч күнү жүрдү алышып.
Үзөңгүдөн бут тайбай,
Үстөкө-босток сайышып.

# Ээ



Элемандын эркеси,
Эр Төштүк экен кенжеси.
Эки ийиндин ортосу,
Эки кулач эр экен.
Эчен жыл жүрүп кыйноодо,
Элге келген кези экен.

# Чч



Чогол Чубак баатырың,
Чокморду колго алды дейт.
Чогулуп турган кытайга,
Чочубай кирип барды дейт.
Чочоңдогон төрөсүн,
Чокудан ары салды дейт.

# Шш



Шер Манастын чоросу,
Шуту баатыр жолдошу.
Шай колдогон шер экен.
Шартылдаган эр экен.
Шарпкула тулпар аты бар,
Шамалдай жүргөн жаныбар.

# Хх



Хангайдын ханы Эсенхан,
Каухар таш кийип башына,
Хандарын алып кашына,
Кол куушуруп туруптур,
Хан Манастын алдына.

Сагынбай Орозбаков жана Саякбай Каралаев
мансчылардын варианты боюнча жаш бөбөктөргө
ылайыктап түзгөн Асек Казиев.
Герцендин сүрөттөрү пайдаланылды.
Китепти көркөмдөгөн С. Урмукеев.

MILLENNIUM
PRINT

Теперь мы работаем для Вас **6 дней в неделю!**

ЧП Кожогулов «Millennium print»
Кыргызстан, г. Бишкек, ул. Горького, 1А
тел.: 0(772) 166 113; 0(558) 928 928; 0(772) 164 792

## *Мы изготовим для Вас:*




# Все цвета жизни!





# МАНАС АЛИППЕ

